# Кыргызстандын түштүгүндө «Биринчи мугалимдерди» даярдоонун тарыхынан( 1917-1941-жж.)

Авазов Эрнис Абдыманапович тарых илимдеринин кандидаты, доцент Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Тарых кафедрасы e-mail: ernis-ist@mail.ru

**Аннотация.** Совет бийлигинин алгачкы жылдарында коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндөгү жаңылануулар жана кайра куруулардын ишке ашырылуусу биринчи кезекте массалык сабатсыздыкты жоюу жана жергиликтүү элдерден квалификациялуу мугалим кадрларды даярдоо маселесин койгон. Мындан улам каралып жаткан мезгилде совет өкмөтүнүн негизги милдеттеринин бири мугалимдерди даярдоочу окуу жайларды ачуу болгон. Мугалимдерди даярдоо алгач кыска мөөнөттүү курстарда колго алынып кийинчерээк техникумдарда жана училищаларда улантылган. Биринчи педагогикалык кадрларды даярдоо ишинде кыска мөөнөттүү педагогикалык курстардын ачылышы чоң роль ойногон. Мындай саамалыктар Кыргызстандын түштүк аймактарында Ош, Жалал-Абад шаарларында колго алынган. Макалада 1917-1941-жылдар аралыгындагы мугалимдерди даярдоонунун тарыхынын айрым урунттуу учурлары чагылдырылды жана алгачкы педагогикалык окуу жайлардын мугалимдерди даярдоодогу ролу ачып берилди. Бул багытта кыргыз улуттук советтик мамлекетүүлүгүнүн калыптанышы чоң роль ойногондугу белгиленди.
***Ачкыч сөздөр:*** *Кыргызстан, түштүк, биринчи мугалим, даярдоо, тарых.*

# Из истории подготовки «Первых учителей» на юге Кыргызстана (1917-1941 гг.)

Авазов Эрнис Абдыманапович, кандидат исторических наук, доцент Джалал-Абадский государственный университет им.Б.Осмонова, Кафедра История

**Аннотация.** В первые годы установления Советской власти нововведении и преобразовании осуществлявшиеся во всех сферах общественной жизни, требовали в первую очередь ликвидации массовой неграмотности и подготовки учительских квалифицированных кадров из местных народностей. В связи с этим одной из основных задач советской власти в рассматриваемое время стала организация учебных заведений для обучения учительских кадров. Подготовка учителей первоначально проводилась на краткосрочных курсах, а затем продолжалась в техникумах и училищах. Важную роль в процессах подготовки первых педагогических кадров сыграло открытие краткосрочных педагогических курсов. Такие инициативы были реализированы в южных регионах Кыргызстана в городе Ош и Джалал-Абада. В статье описываются некоторые основные моменты истории подготовки первых учительских кадров в период с 1917 по 1941 годы, а также раскрывается роль ранних педагогических учебных заведений в подготовке учителей. Отмечалось, что большую роль в этом направлении сыграло формирование кыргызской национальной советской государственности.
**Ключевые слова**: *Кыргызстан, юг, первый учитель, подготовка, история.*

# From the history of the training of the “First Teachers” in the south of Kyrgyzstan (1917-1941

AvazovErnisAbdymanapovich Candidate of Historical Sciences, Associate Professor Jalal-Abad State University named after B. Osmonova, Department of History

**Annotation.** In the first years of the establishment of Soviet power, innovations and transformations carried out in all spheres of public life required, first of all, the elimination of mass illiteracy and the training of qualified teachers from the local population. In this regard, one of the main tasks of the Soviet government at the time under review was the organization of educational institutions for teacher training. Teacher training was initially carried out on short-term courses, and then continued in technical schools and colleges. The opening of short-term pedagogical courses played an important

role in the processes of training the first teaching staff. Similar initiatives were implemented in the southern regions of Kyrgyzstan in the cities of Osh and Jalal-Abad. . The article describes some of the main points in the history of the training of the first teachers in the period from 1917 to 1941, and also reveals the role of early pedagogical educational institutions in teacher training. It was noted that the formation of the Kyrgyz national Soviet statehood played a major role in this direction.
**Key words:** Kyrgyzstan, south, first teacher, training, history.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында мугалимдерди даярдоо Орто Азия менен Казакстанда, анын ичинде Кыргызстанда кыска мөөнөттөгү курстарда колго алына баштаган. Коюлган максатка жетишүүдө 1919-жылдын 23-январындагы «РСФСР калкынын сабатсыздыгын жоюу жөнүндө» В.И.Ленин кол койгон Эл Комиссарлар Кеңешинин декрети чоң роль ойногон. Кыргызстандын мектептерине мугалим катары алгач Алма-Ата шаарындагы педагогикалык курстардын бүтүрүүчүлөрүнүн тобу келишкен. Мындай курстар 1919-жылдан баштап Пишпек, Токмок, Кара- Кол жана Ош шаарларында уюштурулган. 1921- 1925- жылдар аралыгында жогорудагы курстарды аяктагандардын саны 750 мугалимге жеткен.”1919-жылы партиянын сьездинин чечимин ишке ашыруу максатында Пишпек шаарында мугалимдерди даярдоочу 6 айлык курстары ачылып, аны 95 кыргыз бүтүргөн. 1921-жылдан 1924-жылга чейинки мезгилде Пишпектен башка жерлерде ушундай эле курстар Пржевальск, Токмок, Ош жана башка шаарларда иштеген. Аларда түпкү улуттун 800 өкүлү, негизинен кыргыз жаштары окушкан. Мындан тышкары кыргыз жаштарынын өкүлдөрү республиканын борбордук шаарларына, атап айтканда, Казань, Оренбург, Москва, Ленинград, Тверь, Киев, Омскиге педагогикалык билим алууга жиберилген. 1920-жылдардын биринчи жарымында Ташкентте жана Алма-Атыда казак-кыргыз окуу жайлары пайда болуп, анда кыргыз жаштары да окуган”[1,13]. Кара кыргыз автономиялуу областынын Ревкомуна Академиялык борбордун төрагасы И. Арабаевдин 1925-жылдын 5-фералында жазган докладной запискасында мындай деп берилген: “В Джалал-Абаде с 10го мая прошлого года были открыты педагогические краткосрочные курсы, которые уже дали два выпуска всего до 40 учителей и существуют в данное веремя»[2]. Бул маалыматка таянсак педагогикалык курс Жалал-Абад шаарында 1924-жылы уюштурулган. Айрым изилдөөлөрдө 1923-1924- окуу жылы назарга алынган.Алсак, окуу жайдын тарыхына байланышкан эмгекте “Тарыхый фактыларга таянсак, революциядан кийинки мезгилдердеги кыска мөөнөттүү педагогикалык курстар көбүнчө алты айлык мөөнөттөн тургандыктан И. Арабаев айткан Жалал-Абадтагы кыска мөөнөттүү педагогикалык курс эки жолу бүтүрүүчү чыгарса, демек 1923- 1924- окуу жылында ачылгандыгы логикалык жактан туура болот деген ойдобуз[3, 10],” –деп берилген. Албетте белгилей кетүүчү жагдай мугалимдерди даярдоочу курстарды ачуу ошол учурларда Түркстандын башка аймактарында да бирдей эле учурда ишке ашырыла баштаган. Кесиптик билим берүүчү орто окуу жайлардын баарына эволюциялык динамика мүнөздүү. 1924-жылдын март айынан Түркстан крайында билим берүүчү мекемелер мамлекеттик бюджетке өткөрүлө баштагандыктан 1924-жылдын 17 –июнунда Ошто алты айлык педагогикалык курстар ачылган. Аны уюштурууда жана ишмердүүлүгүн жолго коюуда алгачкы агартуучулардын бири Базаркул Данияровдун ролу зор болгон. Анын үй-бүлөсү 1916-жылдагы көтөрүлүштөн улам Кытайга качып баргандардын катарында болгон. Өзүнүн эскерүүсүнө караганда алар 1917-жылдын октябрында өз жерине кайтып келишип, жашоо шарттын оордугунан улам Алма-Аты калаасындагы атасынын туугандарына байырлап барышкан. Ал жерде 1919-жылы мугалимдерди кайра даярдоо курсун бүтүрүп, Ташкенттеги Казак-Кыргыз институтуна чакыруу алган 15 адамдын катарында ал жерде окууга кабыл

алынып, аталган окуу жайды 1923-жылдын декабрь айында окуу жайды бүтүргөн биринчи кыргыз уулу катары 1924-жылдын февралында “элдик мугалим” наамын алган. Ал өзү тарабынан 1925-жылдын 20-июлунда партияга талапкерликке өтүүгө байланыштуу жазган өмүр баянында: ”19124-жылдын февалындаТүркстан агартуу Элкому тарабынан Жалал-Абад жана Ошко жөнөтүлүп, ал жерде мугалимдерди даярдоо курсунда окуган кыргыздардан 80 кишиге эне тилди окуттум. Окуу процессинде мен окуу бөлүмүнүн башчысы кызматын аркаладым. 1924-жылдын сентябрында, окуу курстарын Ошко көчүрүп, биз 15-сентябрда кыргыздардан 15 мугалим чыгардык. Жыйынтыгында мен курсту башкарып калдым. 1925-жылдын 1 –январына карата биз дагы 18 мугалимди чыгардык. Аларды мугалим катары Ош жана Жалал-Абад окуругдарына жөнөттүк. Январдан тартып биздин курсубуз педтехникумга айланды” [4, 21],- деп жазган . Архивдик булактар да мугалимдерди даярдоо курстарында 1925- жылдын биринчи январына карата 1- деңгээлдеги мектептер жана Ликбез( Сабатсыздыкты жоюу мектептери- А.Э.) үчүн 18 кара кыргыз мугалимин чыгарууга жетишкендигин ырастап турат. Окуу курстарынын Ошко жайгаштырылышынын себеби ошол учурдагы административдик-аймактык өзгөрүүлөргө бланыштуу болгон.Анткени 1924-жылы Кара-Кыргыз областынын областык мекемелери Ташкент шаарында убактылуу иш алып барып турган болчу. Ал эми Жалал-Абад округунун борбору болуп Жалал-Абад шаары белгиленгени менен жетиштүү имараттардын жоктугунан округдун убактылуу борбору катары Ош шаары белгиленген[5, 189-190]. Бул боюнча Кара Кыргыз автономиялуу областынын ревкомунун ревкомду түзүү жана областтык, аймактык борборлорду белгилөө жөнүндөгү 1924-жылдын 12-ноябрындагы биринчи пленардык жыйынын токтомунда белгиленген. 1924-жылдын 15-ноябрында өткөн Кара Кыргыз автономиялуу областынын ревкомунун президиумунун жыйынында андан үч күн мурда өткөн жыйындын токтомуна ылайык Пишпек уоркому Пишпек округуна, Ош уоркому Жалал-Абад округуна бириктирилгендиги көрсөтүлгөн[5, 190]. Андан 14 күндөн кийин райондоштуруу боюнча жыйында борбору Ош шаары болгон Ош округу түзүлгөн. Аталган мезгилге чейин мындай курстарды кармап турууга каражаттар административдик борбор катары Фергана областык аткаруу комитети тарабынан бөлүштүрүлүп турган. Себеби Түркстан республикасынын улуттук малекеттерге бөлүнүүсү ишке ашкандан кийин деле убактылуу болсо да анын чечимдери бир аз убакытка чейин күчүндө турган. Мындан улам 1-январдан баштап каражат бөлүү токтотулгандыктан жергиликтүү бюджеттин аздыгына жана таңкыстыгына карабастан курстарды кармап туруу үчүн каражат бөлүү Жалал - Абад жана Ош округдарынын жергиликтүү бюджетине өткөрүлгөн. Бирок, мындай курстар квалификациялуу мугалим адистерге болгон муктаждыкты биротоло чече алган эмес. Ошол себептүү Түркстан БАКнын пленуму кара кыргыздар жана тажиктер үчүн билим берүү жайларын ачуу чечими кабыл алынып педагогикалык бир жылдык курстар ачыла баштаган. Билим берүүдөгү мугалим кадрларга болгон муктаждыктан улам Ош ревкомунун президиумунда Ош шаарында педагогикалык курстун базасында педагогикалык техникумун уюштуруу маселеси көтөрүлгөн. Ош округдук революциялык комитети 1925- жылдын 15- январындагы №14 протоколунун негизинде 1 жылдык мөөнөттөгү педагогикалык техникумду ачуу токтомун кабыл алган[6]. Алгач бул техникумга 120 угуучу кабыл алынуусу белгиленип, аны каржылоо областык бюджетке өткөрүлгөн. Зарылдыкка жараша 1926-жылы үч жылдык Ош-Жалал-Абад педагогикалык техникуму болуп кайра түзүлгөн. Бул тууралуу С.Табышалиев” “Кыргызстандын жаш өкмөтүнүн республикада маданиятты өнүктүрүү боюнча биринчи кабыл алган чечимдеринин катарында 1926-1927-жылдардан баштап жыл мурда болгон бир

жылдык педагогикалык курстун негизинде Ошто Ош-Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын түзүү жөнүндөгү 1926-жылдагы чечимдери кирет”[1, 4], -деп белгилеген. Аталган окуу жай азыркы Жалал-Абад мамлекеттик университети менен ордолуу Ош шаарындагы ОГПУнун башаты болуп саналат т.а. аталган эки барандуу окуу жайдын тарыхый тамыры бир учурда, бир жерден башталган десек болот. Бюджеттин тартыштыгынан 1926-жылдын январына чейин вакуф тарабынан каржыланып турган. 1-январдан тартып Ош- Жалал-Абад педагогикалык техникуму болуп атала баштаган. Аталган окуу жай Жалал-Абад жана Ош кантондорунун биригүүсү менен 1926-1927- окуу жылынын аягында Жалал-Абад шаарына көчүрүлгөн. ”Бул чечим Оштогу педтехникумдун ишмердигине таасирин тийгизбей койгон жок. 1928-жылы Оштогу педтехникум Жалал-Абад шаарына көчүрүлгөн. Ош педагогикалык техникумун бүтпөй калган окуучулар Жалал-Абадтагы педагогикалык окуу жайда окуусун улантышкан”[7, 14]. Албетте бул жерде 1927-1928- окуу жылынын башында көчүрүлгөндүгүн назарга алсак, ошол себептүү айрым булактарда 1928-жылы көчүрүлгөн деп берилип жүргөндүгүн байкоого болот. 1926-1927- жылдар аралыгында техникумда 6 мугалим эмгектенген. Алар Курманов Султан- педагогикалык техникумдун башчысы, Фенцов Сулайман- окуу бөлүмүнүн башчысы жана Гарифжанов Шариф, Измаилова Хабиб(Хабираханум), Крысин Василий, Чингижов Либагин деген окутуучулар болушкан. Алар боюнча бул маалыматтарды табууга мүмкүн болду : Курманов С.- улуту кыргыз, жашы 22де, үй- бүлөлүү эмес, Алма-Атадагы педтехникумду аяктаган; Гарифджанов- улуту татар, жашы 27де, үй- бүлөлүү эмес, Ташкенттен агартуу институтунан билим алган; Измаилова – улуту лезгин, жашы 28де, үй-бүлөлүү эмес, гимназияны аяктаган. 1927- 1928- окуу жылында аларга Даушев, Бойницкий, Бунсидов, Може Владимир аттуу дагы төрт мугалим кошулган. Техникумдун ишмердүүлүгүнүн биринчи жылдарында 1-курста 24 окуучу билим алган жана 4-6 педагог иштеген. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн[8,5]. Бул жылдарда техникумда окуу процессин уюштуруу аябай оор болгон. Квалификациялуу педагогикалык кадрлардын жетишсиздигинен жана кыргыз тилиндеги окуу китептери жок болгондуктан техникум оор кыйынчылыктарды башынан өткөргөн. Педагогикалык практика өтөө үчүн кыргыз тилиндеги базалык мектептер да болгон эмес. Окутуучуларга жана окуучуларга окуу үчүн жана жашаганы жайлар жетишпеген. Бул учурда окутуу системасы ынкылапка чейинки атайын орто окуу жайлардагы билим берүүгө негизделгендиктен окутуунун активдүү методдоруна караганда мурдагы окутуу ыкмалары колдонула берген. Ошондон улам окуу процессин кайра түзүү талабы коюлган. Ушундай тоскоолдуктарга жана кыйынчылыктарга карабастан 1928-1929- окуу жылында техникумда билим алуучулардын контингенти көбөйгөн. Окуп жаткан 480 окуучунун арасында Кыргызстандык жаштардан 367 окуучу болгон.

1929-жылы биринчилерден болуп 11 бүтүрүүчү окуу жайды аякташкан. Алардын катарында көрүнүктүү акын, жазуучулар Темиркул Үмөталиев, Жоомарт Бөкөнбаев, республиканын эмгек сиңирген мугалими Нургазы Биримкулов, Жалал-Абад шаардык поликлиникасынын дарыгери Бору Бадалбаев, Насыр Примбердиев, Камол Салахутдинов ошондой эле Кыргызстандын түштүгүндө элге билим берүү жана тарбия ишине күчүн, энергиясын беришкен инсандар болушкан[8, 6]. Бул жерде окуу жайдын тарыхы боюнча бир катар маалыматтарда Ж.Бөкөнбаевди алгачкы бүтүрүүчү катарында беришкен. Бирок, ал бул окуу жайда окуп, андан Фрунзедеги педтехникумга которулуп, ошол жактан окуну аяктаган. Муну белгилүү тарыхчы С.Табышалиев да белгилеген. Белгилей кетүүчү жагдай бир кезде атасы Нургазы Биримкулов алгачкы бүтүрүүчү болгон педагогикалык окуу жайдын базасында

1993-жылы уюштурулган ЖАМУнун алгачкы ректору болуу бактысы У. Биримкуловго туш келгендиги жөн гана кокустук дал келүүчүлүк эмес тагдырдын тартуусу экендиги шексиз.

1928-жылдагы Кыробкомдун телеграммасына ылайык Татаробкому аркылуу Татар Мамлекеттик университетинин 2- курсунун студенти Исханов (Иксанов) Кыргызстанга чакыртылган. Ушундай жолдор менен педтехникумдун окуучулар контингенти өсүп, окутуучулук курамы бекемделе берген. Күндүзгү окуу бөлүмүнүн 1930-1931- окуу жылындагы бүтүрүү курсунда 251 окуучу билим алган. ” Окуу жай айыл кыштактар үчүн мугалимдерди гана даярдабастан алгачкы кыргыз интеллигенттерин даярдаган десек болот. Бүтүрүүчүлөрдүн көбү советтик-партиялык жана комсомолдук кызматтарга тартылышкан. Белгилей кетүүчү кызыктуу факт аталган техникумдун 4-бүтүрүүчүлөрүнүн катарында белгилүү советтик-партиялык ишмер, КАССРдын БАКнын төрагасы Абдыкадыр Орозбековдун ардактуу студент катары сүрөтү орун алгандыгы. Албетте аталган инсандын өмүр таржымалында анын аталган окуу жайдан билим алгандыгы тууралуу маалыматтар учурбайт. Болгону, ошол убактагы саналуу окуу жайлардын алдынкысы катары ага окуу жайдын жетекчилиги ушундай ардактуу наам ыйгарган болуусу керек[9,119]. Мындай саамалык жаңыдан телчигип келе жаткан Кыргызстандын тарыхында Жалал-Абад педагогикалык техникуму бараандуу орунду ээлеген, кадыр барктуу окуу жайлардан болгондугунан кабар берет.1930-жылдары педагогикалык техникумдун башчысы болуп жердиги көлдүк, Ташкенттеги САКУнун, Фрунзедеги педтехникумдун 1928-жылдагы бүтүрүүчүсү Жума Жамгырчиев эмгектенген. Анын акындык чыгармачылыгы дал ушул мезгилде гүлдөй баштаган. 1931-жылы «Ырлар жыйнагы» деген ат менен алгачкы ырлары жарык көргөн. Кийинчерээк Ошко партиялык мектепке которулуп, 1941-жылы эки жылдык мугалимдер институтунда окутуучу болуп иштеген. 1942- жылы Тоңдо мугалим болуп иштеп жаткан жеринен аскерге чакырылып Ленинград шаарын курчоодон чыгаруу мезгилинде баатырларча курман болгон. Техникумдун окутуучулук курамы болочоктогу белгилүү окумуштуулар К. Карасаев, А. Измаилов сыяктуу кадрлар менен толукталган. ”Алар партиянын чакыруусу менен Жалал-Абад шаарына келишкен Жалал-Абад педагогикалык окуу жайынын биринчи педагогдору болушкан”[8,6]. Теги крымдык, балдар үйүнүн тарбиялануучусу Азиз Измайлов 1934-1937-жылдары Жалал-Абад райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштөө менен бирге педтехникумда мугалим катары сабак окуткан. Кийинчерээк ал Кыргыз ССРинин Эл агартуу комиссариятынын жогорку жана орто окуу жайлары боюнча башкармалыгынын башчысынын орун басары, башчысы болуп эмгектенген. 1951-жылы Кыргыз пединститутунун тарых факультеттин сырттан окуп бүтүргөн. Эки жылдан кийин «Борьба за осуществление всеобщего обучения в Киргизии (1930–1940)» деген темада кандидаттык диссертациясын, көп узабай «История советской школы и педагогики в Киргизии (1917–1957)» деген темада докторлук диссертациясын коргоп, академик наамына таттыктуу болгон.

Эл чарбасы үчүн улуттук кадрларды даярдоого зор көңүл бурулгандыктан элге билим берүү тармагын жапкшыртууга аркеттер көрүлгөн. СССР БАКнын жогорку мектептердеги жана техникумдардагы окуу программалары жана режими жөнүндө 1932-жылдагы токтомунун чыгышы менен педагогикалык окуу жайлар системасында өзгөрүүлөр жүргөн. Башталгыч класстарда окутуу программасынын өзгөрүүсү да ага түрткү болгон. Ага ылайык жаратылыш жана коом боюнча билимдерди берүү милдети коюлган. Ушуга байланыштуу башталгыч кластын мугалимдерин даярдоо ургаалдуу жүрө баштаган. Дыйкан чарбаларын коллективдештирүү, индустриализация жана маданий революциянын шарттарында окуу

жараянынын жүрүшү аябай эле оор болгон. 1932-жылы 2-курстун студенттери окуу жайдын директоруна кийим кечек бөлүп берүү боюнча кайрылышкандыгы ошол кыйын кезең күндөрдөн кабар берип турат. Дээринен зээндүү жана кыйнчылыктарга сынбаган кыргыз жаштары ушундай оор шарттарда билим алуусун улантышкан. 1933-жылдан баштап окуунун алдынкыларына жана коомдук иштерге активдүү катышкан окуучуларга материалдык стимул иретинде 20 рубль өлчөмүндө акчалай сыйлык, кийим жана бут кийимдер берилсе, 1936-жылыдан тартып окуучуларга стипендиялар бериле баштаган. Ушундай учурда белгилүү академик, Муса Мырзапаязович Адышов аталган окуу жайды аяктагандыгын сыймык менен белгилөөгө болот. Түзүлгөн күндөн тарта окуу жай КирЦИК атындагы Жалал-Абад педтехникуму деп аталып келсе, 1937-жылы белгилүү орус акыны А.С. Пушкиндин көзү өткөндүгүнүн жүз жылдыгына карата директордун 31 –марттагы№55 сандуу буйругунун негизинде анын ысымы ыйгарылган.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышына чейин он жолу бүтүрүүчүлөр чыгарылып алгачкы 11 карлыгачтан 291 бүтүрүүчүгө, окутуучулук курам үч эсе өсүп, 18 мугалимге жеткен. Согуштун шарттарында көпчүлүк мугалимдер фронтко кетишкендиктеринен улам алардын ордун толуктоо үчүн көбүрөөк бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу милдети коюлган.

Ушундай жолдор менен түпкүлүктүү калктардан квалификациялуу алгачкы мугалимдерди даярдоо иши совет мамлекетинин тарыхындагы эң оор учурларда колго алынган. Чейрек кылымга жакын убакта аарды окутуп чыгаруу боюнча жалпы союздук алкакта согуш жылдарына чейин бирдиктүү система калыптанган. Алардын катарында заман агмымынан артта калбай кыргыз жергесинде педагогикалык кадрларды чыгаруучу окуу жайлардын ачылышы мамлекеттүүлүктүн калыптануу жылдарындагы кыргыз элинин мамлекеттик ишиерлеринин жана алгачкы агартуучуларынын арыбас аракеттеринин аркасында ишке ашырылгандыгын белгилөөгө болот.

**Адабияттар:**

1. Табышалиев С.Т. Кузница подготовки кадров (История Киргизского государственного университета имени 50-летия СССР). Ф., «Кыргызстан», 1975.- с.13
2. КР БМА ф. 647. Оп.1. д. 34.1-б.
3. Усенов К.Ж., Токтогулова Г.Т. Жалал-Абад билим берүү башаты.Жалал-Абад, 2018.10-б.
4. Данияров К.Б. Базаркул Данияров- первый педагог. –Б. Учкун, 2007.С. 21.
5. Кыргызская государственность в XX веке(документы, история, комментарии). Учеб.пособие/Сост. А.Джуманалиев. Б, 2003.с.189- 190
6. КР БМА. 647оп.1. д.16. 13-14-б.
7. Агартуу майданындагы 90 жыл.түз Абжалов Т.А., Субанов Т.Т., Токтосунова А. Ж.Жумаева. 2016. 14-б.
8. Краткая историческая справка Джалал—Абадского педагогического училища. 1966. С.5-6.
9. Авазов Э.А. Алгачкы кыргыз саясий ишмерлеринин жана интеллигенциясынын мамлекеттүүлүктү түптөөдөгү ишмердүүлүктөрү// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. № 10. С. 119